лексиканын активдүү колдонулушуна таасир этүүдө. Демек, сапаттык лексика коомдук аң-сезимди чагылдырган жана мезгилдик өзгөрүүлөргө сезимтал лексикалык катмарлардын бири болуп саналат.

Бул изилдөөнүн актуалдуулугу кыргыз тилиндеги инсандык сапаттарды туюнткан лексиканын тез өзгөрүп жаткан социалдык, маданий жана глобалдык шарттарда жаңы мазмунга ээ болуп жатканы менен түшүндүрүлөт. Диахрондук талдоо сапаттык лексиканын тарыхый өнүгүшүн, семантикалык өзгөрүүлөрүн жана колдонулуу активдүүлүгү төмөндөп бара жаткан түшүнүктөрдү аныктоого мүмкүнчүлүк берсе, синхрондук талдоо азыркы тилдик кырдаалдын өзгөчөлүктөрүн, жаңы баалоо категорияларынын пайда болушун жана интернационалдык лексиканын активдешүүсүн көрсөтөт.

Кыргыз тилинде инсандык сапаттарды туюнтуучу лексиканы изилдөөдө бул эки ыкманы айкалыштырып колдонуу лексемалардын семантикалык табиятын тереңирээк түшүнүүгө жана тилдин баалуулуктар системасындагы өзгөрүүлөрдү мүнөздөөгө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Абдувалиев И. Кыргыз тилинин кептик лексикасы (байыркы катмар): филол. илим. д-ру ... дис. автореф. — Бишкек, 2007. — 32 б.
2. Бодуэн де Куртенэ И. А. Избранные труды по общему языкознанию: в 2 т. — М.: Изд-во АН СССР, 1963. — Т. 1. — 384 с.
3. Виноградов В. В. Лексикология и лексикография: избранные труды. — М.: Наука, 1977. — 312 с.
4. Bally Ch. Linguistique générale et linguistique française. — 3e éd. — Berne: A. Francke, 1950. — 440 p.
5. Джунушалиева Г. Дж. Кыргыз тилиндеги нумеративдик лексикалардын дифференциациясы // Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Жарчысы. — 2022. — Т. 14, № 4. — 94–98-б.
6. Соссюр Ф. де. Курс общей лингвистики / пер. со 2-го фр. изд. А. М. Сухотина; под ред. и с примеч. Р. И. Шор. — М.: Соцэкгиз, 1933. — 272 с.
7. Саматов К. Кыргыз тилиндеги өң-түс сөздөрүнүн лексика-семантикалык жана стилистикалык мүнөздөмөлөрү (диахрондук жана синхрондук аспекттер): филол. илим. д-ру ... дис. — Бишкек, 2003. — 287 б.
8. Косериу Э. Синхрония, диахрония и история: проблема языкового изменения / пер. с исп. И. А. Мельчука. — 3-е изд. — М.: Едиториал УРСС, 2010. — 208 с.
9. Malmberg B. Système et méthode: trois études de linguistique générale. — Lund: C. W. K. Gleerup, 1945. — 52 p.
10. Реформатский А. А. Введение в языковедение. — М.: Аспект Пресс, 2001. — 536 с.
11. Щерба Л. В. О трояком аспекте языковых явлений и об эксперименте в языкознании // Языковая система и речевая деятельность. — Л.: Наука, 1974. — С. 24–39.

Рецензент: филология илимдеринин кандидаты Танаева Н.Ш.

УДК: 372+398 (575.2)
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-101-107

Жумадилова Н.С.
И.Арабаев атындагы КМУ
Жумадилова Н.С.
КГУ имени И.Арабаева
Zhumadilova N. S.
KSU named after I.Arabaev

ORCID 0009-0000-0884-0651

ОКУУЧУЛАРДЫН ТААНЫП-БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮКТӨРҮН ӨРКҮНДӨТҮҮДӨ НАКЫЛ КЕПТЕРДИ КОЛДОНУУНУН ЫКМАЛАРЫ
МЕТОДИКА ИСПОЛЬЗОВАНИЯ МУДРЫХ СЛОВ ДЛЯ АКТИВИЗАЦИИ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ УЧАЩИХСЯ
METHODS OF USING WISE WORDS TO ENHANCE STUDENTS' COGNITIVE ACTIVITY

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө накыл кептерди колдонуунун методикалык ыкмалары, алардын окуучулардын таанып-билүүсүн, сөз байлыгын жана аң-сезимин өстүрүүдөгү, тарбия жана билим берүүдөгү орду иликтөөгө алынды. Бүгүнкү күндө билим берүү системасында окутуунун негизги максаттарынын бири — окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, изденүү аркылуу билим алуу жөндөмүн жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү. Кыргыз тили сабагы бул максаттарга жетүүгө өзгөчө мүмкүнчүлүк түзөт. Айрыкча элдик акылмандыкты чагылдырган накыл кептерди туура жана системалуу колдонуу сабактын натыйжалуулугун жогорулатууга өбөлгө түзөт. Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө накыл кептерди колдонуу боюнча методикалык ыкмаларга талдоо жана интерпретациялоо кирет. Накыл кептерди кыргыз тили сабагында колдонуу тилди өздөштүрүүгө, грамматикалык түзүлүштөрдү түшүнүүгө, сөз байлыгын кеңейтүүгө жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө көмөктөшөт. Ар кандай формада жана ыкмада колдонулган накыл кептер окуучулардын инсандык сапаттарын калыптандырууда, коомдук жана жеке турмушта өз оюн туура билдирүү жөндөмүн өнүктүрүүдө маанилүү каражат болуп саналат. Накыл кептердин негизинде жүргүзүлгөн талкуу жана жазуу иштеринде окуучулар өз ойлорун так жана аргументтүү билдирүүгө үйрөнүшөт. Алардын сабакка жүйөлүү катышуусу жогорулап, өз алдынча ой жүгүртүү жөндөмү өнүгөт. Мугалимдин туура багыттоосу менен накыл кептер окуучулардын чыгармачылык жөндөмүн жана адамдык сапаттарын калыптандырууга өбөлгө түзөт. Демек, накыл кептерди кыргыз тили сабагында максаттуу жана натыйжалуу колдонуу маанилүү.

Аннотация: В данной статье рассматриваются методические приёмы использования мудрых изречений в развитии познавательной деятельности учащихся, а также их роль в обогащении словарного запаса, развитии познавательной активности и сознания учащихся, их воспитании и обучении. Одной из основных целей современной системы образования является развитие у учащихся самостоятельного мышления, способности приобретать знания через исследовательскую деятельность и формирование практических навыков. Урок кыргызского языка предоставляет особые возможности для достижения этих целей. В частности, правильное и систематическое использование мудрых изречений, отражающих народную мудрость, способствует повышению эффективности обучения. К методическим приёмам использования мудрых изречений для развития познавательной деятельности учащихся относятся анализ и интерпретация. Их применение на уроках кыргызского языка способствует усвоению языка, пониманию грамматических структур, расширению словарного запаса и развитию критического мышления. Использование мудрых изречений в различных формах способствует формированию личностных качеств учащихся и развитию способности правильно выражать свои мысли в общественной и личной жизни. В ходе дискуссий и письменных работ на основе мудрых изречений учащиеся учатся ясно и аргументированно излагать свои мысли. Повышается их мотивированное участие в учебном процессе и развивается способность к самостоятельному мышлению. При правильном руководстве учителя мудрые изречения способствуют развитию творческих способностей и формированию личностных качеств учащихся. Таким образом, целенаправленное и эффективное использование мудрых изречений на уроках кыргызского языка имеет важное значение.

Abstract: This article examines methodological techniques for using wise sayings to develop students' cognitive activity, as well as their role in enriching vocabulary, developing cognitive abilities and awareness, and supporting students' education and personal development. One of the main goals of modern education is to develop students' independent thinking, their ability to acquire knowledge through inquiry, and their

practical skills. Kyrgyz language lessons provide valuable opportunities to achieve these goals. In particular, the appropriate and systematic use of wise sayings reflecting folk wisdom can contribute to more effective learning. Methodological techniques for using wise sayings to develop students' cognitive activity include analysis and interpretation. Their use in Kyrgyz language lessons facilitates language acquisition, helps students understand grammatical structures, expands their vocabulary, and develops critical thinking. Wise sayings used in various forms can contribute to the development of students' personal qualities and their ability to express their thoughts appropriately in social and personal contexts. Through discussions and writing activities based on wise sayings, students learn to express their ideas clearly and support them with arguments. Their active participation in the learning process and their ability to think independently are also enhanced. With appropriate teacher guidance, wise sayings can contribute to the development of students' creativity and personal qualities. Thus, the purposeful and effective use of wise sayings in Kyrgyz language lessons is of considerable educational value.

Негизги сөздөр: накыл кептер; кеп өстүрүү; макалдар; лакаптар; оозеки кеп; тарбия; билим берүү; сынчыл ой жүгүртүү; креативдүүлүк.

Ключевые слова: мудрые изречения; развитие речи; пословицы; поговорки; устная речь; воспитание; образование; критическое мышление; креативность.

Keywords: wise sayings; speech development; proverbs; sayings; oral speech; upbringing; education; critical thinking; creativity.

Накыл сөздөр — элдик таалим-тарбиянын, акылмандыктын, турмуштук тажрыйбанын кыскача жана таамай баяндалышы. Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн өркүндөтүүдө накыл сөздөрдү колдонуу маанилүү роль ойнойт. Анткени алар логикалык ой жүгүртүүнү, сынчыл көз карашты жана чыгармачылык ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө жардам берет.

Накыл сөздөрдү кыргыз тилин окутуунун каражаты катары пайдалануу тарбиялык зор касиетке ээ, дидактикалык мүнөздөгү кыска чыгармалар катары алгачкы окуу китептеринде жарыяланып келген. Кыргыз элинин алгачкы мугалимдери И. Арабаев, К. Тыныстанов, М. Жаңыбаев, К. Карасаев, ошондой эле башталгыч жана жогорку класстын окуучулары үчүн окуу китептерин жазууга активдүү катышкан алгачкы агартуучу-методисттер С. Нааматов, Б. Жунушалиев, А. Кошоев, К. Каримов, Н. Макешов, Т. Актанов ж.б. ушул сыяктуу илимпоздордун ысымдарын атоого болот [1, 489–495-бб.].

Белгилүү агартуучулардан "Алиппе" окуу китебинин туңгуч автору И. Арабаевдин (1924), К. Тыныстановдун "Окуу китеби" (1924), "Окуу-жазуу бил" (1927), "Биздин тил" (1927), "Жаңы айыл" (1929), "Эне тилибиз" (I–II китеп, 1928, 1931), "Тил сабагы" (1932), "Кыргыз тилинин морфологиясы" (1934), "Кыргыз тилинин синтаксиси" (1936) окуу китептеринде [2, 20–25-бб.] жана И. Арабаев менен К. Карасаевдин «Жаңылык» (1928) аттуу латын алфавитинде жазылган чоңдор үчүн алиппесиндеги мисалдардын дээрлик 80%ы макал, лакаптар жана накыл сөздөр менен берилген.

Улуу окумуштуу-түзүүчүлөр алгачкы окуу китептеринде тематикалык жактан адептүүлүккө, туруктуулукка, эмгекчилдикке, элпектикке үндөгөн накыл сөздөрдү, макал-лакаптарды жыш колдонушкан. Тамгалар тууралуу маалымат бере баштаган алгачкы беттерде эле элдик макал-лакаптарды жана накыл кептерди учуратууга болот. Бул жаш муундарга нравалык тарбия берүүдө, эстетикалык туюмун, көркөм аң-сезимин өстүрүүдө өзгөчө зор роль ойноп, ошондой улуттук, кыска, көркөм чыгармалар аркылуу окуу процессиндеги өсүштү тездетүүгө шарт түзгөн. Окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүктөрүн өркүндөтүүдө накыл кептерди колдонуу боюнча методикалык ыкмаларга талдоо жана интерпретациялоо кирет. Ошондой эле окуучуларга белгилүү бир накыл сөздү берип, анын маанисин түшүндүрүү тапшырмасын берүү, накыл сөздүн маанисин талкуулоо жана анын турмуштагы колдонулушун мисалдар менен көрсөтүү маанилүү. Ал эми талаш-тартыш уюштуруу, башкача айтканда, дебат ыкмасы да колдонулат. Бул ыкма окуучуларга эки тараптуу пикир билдирүүгө шарт түзүп, накыл сөздүн тууралыгын же туура эместигин аргументтер аркылуу коргоого үйрөтөт. Мындан тышкары, чыгармачылык ишмердүүлүк катары накыл сөзгө байланыштуу кыска аңгеме, эссе,

диалог жаздыруу, накыл кептердин негизинде сүрөт тарттыруу же сахналаштырылган оюн уюштуруу натыйжалуу. Топтук ишмердүүлүктө ар бир топко белгилүү бир накыл кепти берип, анын маанисин түшүндүрүү боюнча презентация жасатууга болот. Накыл кептин практикалык маанисин жашоодогу окуялар менен байланыштыруу да маанилүү. Салыштыруу жана анализдөөдө окуучуларга эки же андан көп накыл сөздү берип, алардын ортосундагы байланыштарды табууга багыт берүү зарыл. Ошондой эле ар кайсы элдердин накыл сөздөрүн салыштыруу жана алардын окшоштуктарын, айырмачылыктарын аныктоо окуучулардын ой жүгүртүүсүн тереңдетет.

Бүгүнкү күндө заманбап билим берүү системасында окутуунун негизги максаты — окуучулардын өз алдынча ой жүгүртүүсүн, изденүү аркылуу билим алуу жөндөмүн жана практикалык көндүмдөрүн өнүктүрүү. Кыргыз тили сабагы бул максаттарга жетүүнүн өзгөчө мүмкүнчүлүктөрүн сунуштайт, айрыкча сабакта элдик акылмандыкты чагылдырган накыл сөздөр туура жана системалуу колдонулса, анын натыйжалуулугу жогорулайт.

«…Окутуу процессинде ар түрдүү ыкмаларды пайдалануу менен окуучулардын чыгармачыл ой жүгүртүүсүн калыптандырууга жана аң-сезимдүү активдүүлүгүн камсыз кылууга болот. Окуучулардын активдүү ой жүгүртүү иш-аракетин уюштуруу, окууга болгон мотивациясын күчөтүү, өзүн-өзү баалоосунун өнүгүшүн камсыз кыла турган эмоционалдык факторлордон көз каранды. Инсандын эффективдүү өнүгүүсүн жана калыптануусун камсыз кылуу анын уюштуруучулук иш-аракетинин жогорку активдүүлүгүнөн көз каранды болот» [4, 218-б.].

Накыл сөздөрдү колдонуу кыргыз тилин үйрөнүүдө, ошондой эле адамдын этикалык жана моралдык өнүгүшүндө маанилүү орунду ээлейт. Алар тилди үйрөнүүнү жеңилдетет, грамматикалык структураларды түшүнүүгө жардам берет, сөз байлыгын кеңейтет жана акыл-эстүү ой жүгүртүүгө өбөлгө түзөт. Ар кандай формаларда жана ыкмаларда колдонулган накыл сөздөр адамды туура тарбиялап, коомдук жана жеке жашоодо өзүн көрсөтүү үчүн маанилүү курал болуп саналат. Төмөндө накыл сөздөрдү кыргыз тили сабагында колдонуунун бир катар үлгүлөрү сабак-иштелме катары берилди.

Негизги бөлүк. Сабак темасына жараша накыл сөз тандоо. Сабактын мазмунуна шайкеш келген накыл сөздөрдү колдонуу окуучуларды терең ойлонууга жана түшүнүк талаасын кеңейтүүгө жардам берет. Мисалы:

1. Тема: «Эне тил – элдин байлыгы». Накыл сөз: «Эне тил – элдин жаны». Колдонуу мисалы: сабактын башында бул накыл сөздү тактага жазып, окуучулар менен суроо-жооп түрүндө талкуу жүргүзүүгө болот: Эмне үчүн тил элдин «жаны» деп айтылган? Эне тилин жоготкон элдин тагдыры кандай болушу мүмкүн? Максаты: тилге болгон сый-урматты жана улуттук аң-сезимди калыптандыруу.
2. Тема: «Мээнет жана ийгилик». Накыл сөз: «Мээнет кылсаң жашыңдан, дөөлөт кетпейт башыңдан». Колдонуу мисалы: бул накыл сөз чыгарма жазууга тема катары берилип, окуучулар өз турмушундагы мисалдар менен баяндап беришет. Максаты: эмгектин баалуулугун түшүндүрүү жана ой жүгүртүүнү өнүктүрүү.
3. Тема: «Достук жана мамиле». Накыл сөз: «Жолду жолдош күтөт, адамды дос күтөт». Колдонуу мисалы: накыл сөздү колдонуп, окуучуларга "Сиз үчүн чыныгы дос ким?" деген суроонун негизинде топтук талкуу уюштурууга болот. Максаты: окуучулардын адамдык мамилеге болгон түшүнүгүн тереңдетүү.
4. Тема: «Окуунун пайдасы». Накыл сөз: «Окуу – билим булагы, билим – жашоо куралы». Колдонуу мисалы: бул накыл сөздү анализдеп, анын маанисин чечмелөө иши жазуу түрүндө берилет. Ошондой эле "Билим адамга кандай мүмкүнчүлүк берет?" деген суроого жооп жаздырууга болот. Максаты: билимге болгон кызыгууну ойготуу.
5. Тема: «Улуттук нарк-насил» (адеп-ахлак темасындагы сабак). Накыл сөз: «Улууну урматта, кичүүнү ызатта». Колдонуу мисалы: сахналаштыруу ыкмасы аркылуу окуучулар бул накыл сөздүн негизинде кичинекей көркөм инсценировка даярдашат. Максаты: тарбиялык баалуулуктарды үйрөтүү жана социалдык көндүмдөрдү калыптандыруу.

“...Окуучулардын тарбия-билим берүү мүмкүнчүлүктөрүн натыйжалуу ишке ашыруунун негизги шарты — окуу процессине атайын иштелип чыккан функционалдык-тематикалык диаграмманы киргизүү. Бул диаграмма төмөнкү функцияларды аткарат:

1. Социалдаштыруу — маданияттын баалуулуктарын өздөштүрүү аркылуу коомго ыңгайлашуу;
2. Тарбиялоо — башка элдердин маданиятына жана салттарына урмат менен мамиле кылууга үйрөтүү;
3. Өнүктүрүү — логикалык ой жүгүртүүнү, тилдик жана билим чөйрөсүн кеңейтүү;
4. Мотивация берүү — тил үйрөнүүгө кызыгууну арттыруу жана туруктуу жашоо көз карашын калыптандыруу;
5. Сөз жана элестетүү — тилди түшүнүү жана сөз аркылуу ой жүгүртүү жөндөмүн өнүктүрүү;
6. Креативдүүлүк — дүйнөнү таанып-билүү жана жаңычыл мамилени калыптандыруу [5, 243-б.].

Чыгарма жазуу усулу, башкача айтканда, эки бөлүктөн турган күндөлүк накыл сөздү негиз кылып чыгарма жазуу окуучунун чыгармачыл жана логикалык ой жүгүртүүсүн калыптандыруунун натыйжалуу жолу болуп эсептелет. Мындай иш түрү окуучуларды өз алдынча ойлонууга, окуя түзүүгө жана аны накыл сөздүн мааниси менен байланыштырып баяндоого үйрөтөт. Ошондой эле бул ыкма аркылуу окуучулар өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасын, байкоолорун жана ойлорун жазма түрүндө чагылдырууга машыгышат. Накыл сөздөрдү талдоо аркылуу окуучулар пикир айтууну, аны жүйөлөп берүүнү жана башкалардын пикирин урматтоо маданиятын калыптандырышат. Бул өз кезегинде сабакта диалогдук жана сынчыл ой жүгүртүүнү өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Мисалы, мугалим «Эл менен кеңеш – акыл менен теңеш» деген накыл сөздү берет. Окуучулар бул сөздүн маанисин чечмелеп, андан кийин өз жашоосунда же эл ичинде кеңешип туура чечим чыгарган учурду сүрөттөп, чакан чыгарма жазышат. Мындай тапшырма окуучунун логикалык ой жүгүртүүсүн жана жазуу жөндөмүн өркүндөтөт.

Накыл сөздөрдү талдоо аркылуу пикир айтууну үйрөтүү. Мисалы, «Окуу – билим азыгы, билим – ырыс казыгы» деген накыл сөз талкууга сунушталат. Ар бир окуучу бул ойду кандай түшүнөрүн айтып, мисалдар менен негиздейт. Мындай талкуу учурунда ар түрдүү ойлор айтылып, окуучулар бири-биринин пикирин угууга жана урматтоого үйрөнүшөт.

Дидактикалык оюндарды колдонуу окуу процессин кызыктуу жана динамикалуу кылып, окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырат. Оюн элементтери аркылуу окуучунун көңүлү ачылып, теманы жеңил кабыл алууга жана билимди бекемдөөгө шарт түзүлөт. Мындан сырткары, оюндар топтук иш формасында уюштурулуп, окуучулардын кызматташуу жана коммуникациялык жөндөмдөрүн өнүктүрөт. Дидактикалык оюндарды колдонуу. Мисалы, «Накыл сөздү тап» деген оюнда мугалим бир окуяны сүрөттөп берет, окуучулар ошол окуяга ылайык келген накыл сөздү табышат. Же болбосо, тескерисинче, накыл сөз берилет, окуучулар ага ылайык кыскача окуя түзүп айтып беришет. Бул оюндар окуу процессин жандандырып, кызыгууну арттырат.

Сахналаштыруу жана көркөм окуу ыкмалары окуучунун эмоциясы аркылуу мазмунду терең сезүүгө жана түшүнүүгө көмөктөшөт. Бул ыкмалар көркөм сөздү эстетикалык кабыл алууну калыптандырып, тилдик компетенциялар менен катар креативдүүлүктү да өнүктүрөт. Сахнада сүйлөө, мимика жана интонацияны туура колдонуу аркылуу окуучулар өз оюн таасирдүү жеткирүүгө үйрөнүшөт. Ошондой эле бул ыкмалар аркылуу адабий текстке болгон кызыгуусу ойгонуп, тилге болгон сый-урмат калыптанат.

Сахналаштыруу жана көркөм окуу. Мисалы, «Адал эмгек – абийир таптырат, арам эмгек – азабын тарттырат» деген теманын негизинде кыска сахналык көрүнүш коюлат: бир окуучу жалкоо, экинчиси эмгекчил баланын ролун аткарат. Сюжет аркылуу накыл сөздүн маңызы көркөм формада ачылат. Ал эми көркөм окуу учурунда окуучулар накыл кеп камтылган ырларды же прозалык тексттерди интонация менен окушат. Бул ыкмалар эстетикалык кабылдоону жана сүйлөө маданиятын өстүрөт.

Төмөндө накыл сөздөрдү колдонуу аркылуу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн активдештирүүгө багытталган 5-класстын кыргыз тили сабагынын фрагменттик иштелмеси сунушталат.

Сабактын темасы: Накыл сөздөрдүн маанисин түшүнүү жана колдонуу.

Сабактын максаты:

- Окуучулар накыл сөздөрдү түшүнүп, алардын маанисин айта алышат;
- Накыл сөздү негиз кылып чыгарма жазууга даяр болушат;
- Өз пикирин билдирүүгө жана башкалардын оюн урматтоого үйрөнүшөт.

Сабактын жабдыктары:

- Накыл сөздөр жазылган карточкалар;
- Интерактивдүү доска;
- Сүрөттөр;
- Жазма тапшырмалар.

Сабактын жүрүшү (фрагмент):

1. Мотивация (3 мүнөт).

Мугалим суроо узатат: "Силер кайсы накыл сөздөрдү билесиңер? Алар эмнени үйрөтөт?" Окуучулар жооп берип, мугалим доскага “Накыл сөз — эл акылынын күзгүсү” деген түшүнүктү чыгарат.

2. Жаңы теманы түшүндүрүү (10 мүнөт).

Мугалим 3 накыл сөз сунуштайт:

- «Эмгек бүтсө – ырыс келет»;
- «Окуу – билим булагы, билим – жашоо куралы»;
- «Көп билген эмес, көптү көргөн акылдуу».

Иш:

- Окуучулар топтордо иштешип, ар бир накыл сөздүн маанисин түшүндүрүшөт;
- Ар бир топ өз накыл сөзүнө сүрөт тартат же чакан көрүнүш даярдайт.

3. Чыгармачылык тапшырма (10 мүнөт).

Тапшырма: «Көп билген эмес, көптү көргөн акылдуу» деген накыл сөзгө таянып, 5–6 сүйлөмдөн турган чакан чыгарма жазгыла.

Мисалы: Марат атасы менен айылга барды. Ал жакта чоң энеси эски кол өнөрчүлүк менен алектенип, кол менен килем токучу экен. Марат ар күнү чоң энесин карап, көп нерсеге үйрөндү. Атасы: «Көрдүңбү, уулум, көптү көргөн адам акылдуу болот», — деди.

4. Дидактикалык оюн (5 мүнөт).

Оюндун аталышы: «Накыл сөздү таап көр». Мугалим кыскача окуяны окуйт. Мисалы: балдар топтошуп иш кылып жатышты. Ар ким өз милдетин аткарып, бири-бирине жардам берип жатты.

Суроо: Бул окуяга кайсы накыл сөз туура келет? Окуучулар жооп беришет: «Көп түкүрсө – көл болот».

5. Сахналаштыруу (5 мүнөт).

Эки окуучу «Эмгек бүтсө – ырыс келет» деген темада кыска диалог уюштурушат. Бирөөсү жалкоо баланын, экинчиси эмгекчил баланын ролун аткарат. Кыска көрүнүш аркылуу накыл сөздүн мааниси ачылат.

6. Сабакты жыйынтыктоо (2 мүнөт).

- Эмне үйрөндүк?
- Кайсы накыл сөз сага жакты? Эмне үчүн?

Жыйынтыктап айтканда, накыл сөздөрдү кыргыз тили сабагында колдонуу окуучулардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн арттыруунун натыйжалуу усулу болуп саналат. Бул аркылуу окуучунун ой жүгүртүүсү, тили жана руханий дүйнөсү өнүгөт. Накыл сөздөр улуттук баалуулуктарды жеткирүү менен бирге билим берүү процессин мазмундуу жана кызыктуу кылат. Алар окуучуларды турмуштук тажрыйба менен байланышкан ой жүгүртүүгө түрткү берет. Ошондой эле накыл сөздөрдүн негизинде

жүргүзүлгөн талкуу жана жазуу иштеринде окуучулар өз ойлорун так жана аргументтүү билдирүүгө үйрөнүшөт. Сабакка жүйөлүү катышуу жогорулап, өз алдынча ойлонуу жөндөмү өнүгөт. Мугалимдин туура багыттоосу менен накыл сөздөр чыгармачылыкка жана адамдык сапаттардын калыптанышына жол ачат. Демек, бул усул заманбап сабактарда кеңири колдонулууга тийиш.

Накыл сөздөрдү колдонуунун дагы бир маанилүү жагы — улуттук маданиятты сактап калуу жана ага урматтоо сезимин калыптандыруу. Ар бир макал же лакап сөз кыргыз элинин акыл-насаатын, тажрыйбасын жана жашоо философиясын камтып турат. Бул сөздөрдү үйрөнүү менен окуучулар өз тилине жана элдик мураска сый-урмат менен мамиле кылганды үйрөнүшөт. Натыйжада, накыл сөздөр жөн гана окуу куралы эмес, тарбиялык жана таанып-билүүчүлүк мааниси зор маданий байлык болуп саналат. Ошондуктан ар бир кыргыз тили сабагында накыл сөздөрдү максаттуу жана натыйжалуу колдонуу зарыл.

Колдонулган адабияттар

1. Абдыкалыкова А. А., Мамбетова Р. Р. Кыргыз тил илиминин башаты: И. Арабаев, К. Тыныстанов, Т. Актанов // И. Арабаев атындагы КМУнун Жарчысы. – Бишкек, 2024. – 489–495-бб.
2. Абдыкалыкова А. А. К. Тыныстановдун эмгектеринде кыргыз тилинин теориялык жана практикалык маселелери. – Бишкек, 2016.
3. Карасаев К. Накыл сөздөр. – 1-китеп. – Фрунзе, 1982; 2-китеп. – Фрунзе, 1987.
4. Чыманов Ж. Кыргыз тилин окутуунун теориясы жана практикасы. – Бишкек : Турар, 2009. – 488 б.
5. Чыманов Ж. А. Кыргыз тилин эне тили катары окутуунун методологиясы. – Бишкек, 2015.

Рецензент: педагогика илимдеринин кандидаты, доцент Аскар кызы Ж.

УДК: 82-3\504-5
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-107-112

Жусуева С.К.
Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университети
Жусуева С. К.
Кыргызско-Узбекский международный университет имени Б. Сыдыкова
Zhusueva S. K.
Kyrgyz-Uzbek International University named after B. Sydykov

АЙТМАТОВДУК КОНЦЕПЦИЯДАГЫ МИФТИК АҢ-СЕЗИМ ЖАНА ЭКОЛОГИЯЛЫК ДҮЙНӨТААНЫМ («АК КЕМЕ» ПОВЕСТИНИН НЕГИЗИНДЕ)
МИФОЛОГИЧЕСКОЕ СОЗНАНИЕ И ЭКОЛОГИЧЕСКОЕ МИРОВОЗЗРЕНИЕ В АЙТМАТОВСКОЙ КОНЦЕПЦИИ (НА МАТЕРИАЛЕ ПОВЕСТИ «БЕЛЫЙ ПАРОХОД»)
MYTHOLOGICAL CONSCIOUSNESS AND ECOLOGICAL WORLDVIEW IN AITMATOV'S CONCEPT (BASED ON THE NOVELLA «*THE WHITE SHIP*»)

Кыскача мүнөздөмө: Бул макалада Чыңгыз Айтматовдун «Ак кеме» повестиндеги мифтик аң-сезим менен экологиялык дүйнөтаанымдын өз ара байланышына илимий талдоо жүргүзүлөт. Чыгармадагы миф менен реалдуулуктун айкалышы адам менен жаратылыштын гармониясын сактоонун көркөм-философиялык модели катары каралат. Айтматовдук концепцияда жаратылыш руханий баалуулук жана адамдык абийирдин булагы катары чечмеленет. Автор экологиялык идеяларды баланын дүйнөтаанымы аркылуу ачып, руханий тазалыктын жана жаратылышка аяр мамиленин маанисин белгилейт. Макаланын негизги өзөгүн экологиялык кризис шартында көркөм адабияттын гуманисттик миссиясын аныктоо түзөт.